**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ ЖАНА И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Д 13.11.022 диссертациялык кеңеши

**Кол жазма укугунда**
УДК: 37:371.035.6:39

**КАРАНОВА ТОЛГОНАЙ НУРБАЕВНА**

# ЖОЖДОРДУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ФАКУЛЬТЕТТЕРИНДЕ БАЛДАР ФОЛЬКЛОРУ АРКЫЛУУ СТУДЕНТТЕРДИ ОКУУЧУЛАРГА АТУУЛДУК ТАРБИЯ БЕРҮҮГӨ ҮЙРӨТҮҮ ЖОЛДОРУ

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)

**Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

## АВТОРЕФЕРАТЫ

**Бишкек – 2012**

**Диссертациялык иш Баткен мамлекеттик университетинин алдындагы Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун кыргыз тили жана адабияты кафедрасында аткарылды**.

**Илимий жетекчи:** педагогика илимдеринин доктору, профессор
**Рысбаев Сулайман Казыбаевич**

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору, профессор
**Исамидинов Искендер Чоңмурунович**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
**Саалиева Дамира Токтобековна**

**Жетектөөчү мекеме:** Ош мамлекеттик университетинин
кыргыз тилин жана адабиятын
окутуунун методикасы кафедрасы
Дареги: 714000, Ош шаары, Масалиев көчөсү, 91а

Диссертациялык иш 2013-жылдын 25-январында саат 13.00дө Кыргыз билим берүү академиясынын жана И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 13.11.022 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот.
**Дареги:** 720040, Бишкек шаары, Эркиндик гүлбагы, 25.

Диссертациялык иш менен Кыргыз билим берүү академиясынын илимий китепканасынан таанышууга болот.
**Дареги:** 720040, Бишкек шаары, Эркиндик гүлбагы, 25.

Автореферат 2012-жылдын 25-декабрында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
педагогика илимдеринин доктору,
профессор Добаев К.Д.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөө ишинин актуалдуулугу.** Педагогикалык жогорку окуу жайларында окулуучу Балдар адабияты дисциплинасынын негизги мазмунун кыргыз балдар адабиятынын, анын ичинде улуттук балдар фольклорунун мыкты үлгүлөрү түзөт. Негизинен, балдар фольклору – улуттук көркөм адабияттын бир тармагы болуу менен, дүйнөнү көркөм чагылдыруучулук, адамга таалим-тарбия берип, калыптандыруучулук жана үйрөтүүчүлүк мааниси боюнча өзөктөш жана өнүгүү, жетилүү жолу боюнча элдин тарыхы, салт-санаасы менен эриш-аркак жашаган, айрыкча коомдук аң-сезимдин бир формасы экендиги талашсыз. Жалпы эле көркөм адабият сыяктуу, балдар фольклорунун да предмети – бала, анын ичинде жаш бөбөк, тестиер жана өспүрүм, алардын турмушу, көз карашы, кыял-жоруктары, өнүгүп-өсүү шарттары. Арийне, анын баланын курактык өзгөчөлүгүнө жараша бир катар бөтөнчөлүгү бар, ал жаш адамды тарбиялоо, турмушка даярдоо, калыптандыруу, улуулардын салтына көнүктүрүү, үйрөтүү жана улуулардын тажрыйбаларын кийинки муундарга өткөрүп берүү сыяктуу турмуштук маанилүү кызматты аткарганы менен, аларды мектеп тарбиясында да кеңири колдонуп, анын мазмунун байытуучу, методдорун мектепте же болбосо, жогорку окуу жайларында болочок мугалимдерди даярдоодо толук пайдалана албай келебиз.

Улуттук балдар фольклору туурасында сөз кылууда, албетте, башка элдердин оозеки адабиятынын теориялык иликтөөлөрүнө, алардын педагогикалык маани-маңызы тууралуу изилдөөлөрүнө саресеп салбай коё албайбыз. Атап айтканда, асыресе, орус балдар адабиятынын теориясы менен сынына, орус балдар фольклорунун изилденишине, аны өнүктүрүүгө өзгөчө салым кошушкан: В.Г.Белинский, А.М.Горький, Н.А.Добролюбов, Н.К.Крупская, Л.Н.Толстой, К.Д.Ушинский, Н.Г.Чернышевский, ж.б. педагог, жазуучу, сынчылардын баалуу пикирлерин жетектөөчү багыт кылып алабыз. Биздин темабызга негиз бере турган бир катар монографиялык эмгектер (С.М.Лойтер, 2004), ж.б. ондогон окуу китептери (Е.Е.Зубарева, В.К.Сигов, В.А.Скрипкина, 2004; И.Г.Минералова, 2007; Е.О.Путилова, 2008; И.Н.Арзамасцева, С.А.Николаева, 2009; А.И.Шигаев, 2009) ж.б., алардагы фольклордун жардамы менен таалим-тарбия берүүдөгү негизги идеялар биздин эмгегибизди жазууда, негизги багыттарыбызды аныктоодо пайдаланылды. Ошону менен бирге, казак окумуштуулары А.Жарыкбаев, С.Калиев жана өзбек педагогу К.Юлдашевдин эмгектери да ишибиздин методикалык багыттарын аныктоодо колдонулду.

Диссертациялык изилдөөбүздө педагог окумуштуулардын эмгектеринде сунушталган тарбиялоо принциптери, методдору, анын ичинде, психологиялык методдор, аларды оптималдаштыруу, окутуу-тарбиялоо процессин конструкциялоо, окутуу-тарбиялоодогу адымдоо методдору, окутуудагы проблемалуулук, окуу материалын өздөштүрүүдөгү этаптуулук, фольклордук чыгармалар аркылуу балдарга таалим-тарбия берүү идеялары (Ю.К.Бабанский, И.Б.Бекбоев, Г.Н.Волков, Л.С.Выготский, Л.В.Занков, В.В.Краевский, И.Я.Лернер, А.Н.Леонтьев, Э.М.Мамбетакунов, А.М.Матюшкин,

М.И.Махмутов, С.Л.Рубинштейн, Т.Сияев, М.Н.Скаткин, В.А.Сластенин, В.И.Смирнов, И.В.Харламов, А.В.Хуторский ж.б.) методологиялык негиз болуп берди.

Ошондой эле, кыргыз этнопедагогикасында иликтенип системага салынган тарбия идеялары, элдик тарбия багыттары, каражаттары, методдору жана принциптери жөнүндөгү окуулар (А.А.Алимбеков, Б.Апышов, Н.А.Асипова, С.О.Байгазиев, Н.И.Имаева, С.И.Иптаров, Б.И.Исаков, А.Т.Калдыбаева, Ж.И.Койчуманов, Р.И.Курманкожоева, А.Ж.Муратов, М.Р.Рахимова, С.К.Рысбаев, Т.О.Ормонов ж.б.), кыргыз адабиятын окутуу боюнча методисттердин эмгектериндеги фольклордук чыгармаларды үйрөтүү боюнча сунуштар (Б.Алымов, С.Т.Батаканова, К.Иманалиев, Н.Ишекеев, Н.Кангелдиев, Т.Молдогазиев, С.Момуналиев, Б.Оторбаев, Д.Саалиева, А.Турдугулов ж.б.) жана мектеп мугалимдеринин тажрыйбалары (Б.Батыркулов, Б.Исаков, А.Сманбаев ж.б.) пайдаланылды. Өзгөчө, кыргыз балдар фольклорун талдап-үйрөнүүнү этнопедагогикалык багытта өркүндөтүү боюнча С.К.Рысбаевдин изилдөөлөрү ишибизде методологиялык таяныч катары материалдарды берди. Кыргыз балдар адабияты боюнча адабият таануу багытында М.Сулаймановдун доктордук, К.Абакировдун, А.Сатарованын кандидаттык диссертациялары корголгон. М.Түлөгабыловдун «Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы» окуу китеби, ушундай эле аталыштагы М.Сулаймановдун көлөмдүү эмгеги жарык көргөн. Г.Орозованын «Эл адабияты» сериясынын «Балдар адабияты» деп аталган 20-томуна жазган баш сөзүндө, ошол эле автордун «Кыргыз адабиятынын тарыхына» (2002) кирген макаласында, О.Соороновдун изилдөөлөрүндө, А.Муратов менен К.Исаковдун «Кыргыз балдар адабияты» деп аталган кошумча окуулугунда (2012) бул багытта таянар негиздер бар экендигин эске салалы. Ошентсе да, аларда биздин изилдөөбүздүн негизги проблемалары – жогорку окуу жайларында Балдар адабияты дисциплинасынан улуттук балдар фольклорун үйрөтүү аркылуу студенттерди мектеп окуучуларын атуулдукка тарбиялоо маселелери түздөн-түз камтылган эмес.

Жалпы алганда, улуттук балдар фольклорунун тарбиялык мүмкүнчүлүгү анын мыкты үлгүлөрүнө, тактап айтканда, макал-лакаптарга, табышмактарга, жомокторго, жаңылмачтарга, ырларга, уламыштарга өтө бай экендиги менен бааланат жана анын жаш адамды тарбиялоодо, алардын рухий дүйнөсүн байыттууда баалуу мурас экендигинде шек жок. Анткени ал баалуулуктар улуттук педагогикабыздын методдору менен принциптерин боюна камтып, өзүнө сиңирген элдик тарбия-таалимдин үлгүлөрү болуп саналат. Ошентсе да, бүгүнкү күндө ЖОЖдордо фольклордук чыгармаларды окуп-үйрөнүүдө анын тарбиялык маани-маңызына, анын ичинде, тарбия методдору менен принциптерине анчалык маани берилбей келүүсү айтылып да, жазылып да келет. Жогорку окуу жайлардын мамлекеттик стандарттарында, окуу пландарында бул проблема көңүлгө алынбай, өз алдынча педагогикалык изилдөө катары каралып, илимий-педагогикалык, методикалык адабияттар жарала элек. Педагогикалык факультеттерде элдик балдар чыгармаларын атайын окуп келатышса да, студенттер, тактап айтканда, болочок мугалимдер

мындай баалуу мурастарыбыздын өзөгүндөгү тарбия-таалим методдору менен принциптерин колдонуп, мектеп балдарына атуулдук тарбия берүү жол-жоболорун атайын сабактарда үйрөнүшпөйт. Андыктан, алар бир жактуу түрдө Балдар адабияты дисциплинасында улуттук фольклордун сюжеттик табиятын гана окуп-үйрөнүү менен чектелишип, адабий-теориялык аспектине гана басым коюлуп, анын педагогикалык таалим-тарбия каражаты болорун жеткиликтүү деңгээлде аңдап түшүнүшпөй окуу жайын бүтүрүшөт. Чындыгында, улуттук фольклордук чыгармалар мектептин I-IV класстарындагы «Адабий окуу» курсунда да, андан кийинки адабияттык окуу деп аталган V-VIII класстарында да окуп-үйрөнүүдө таалим-тарбиялык проблемаларын иликтөө, анын жардамы менен бүгүнкү рухий жакырдануу кезинде мектеп окуучуларын адеп-ыйманга, патриоттук сезим-туюмга ж.б. тарбиялоо идеялары эске алынбайт. Ошондуктан бул проблеманы чечүүдө ЖОЖдордо болочок мугалимдерге жардам болорлук илимий-педагогикалык багыттагы диссертациялар жазыла электиги кыргыз педагогикасынын өзөктүү проблемаларынын бири катары каралуусу керек. Мына ушул жагдай биздин диссертациялык изилдөөбүздүн алдындагы негизги проблема катары коюлду жана аталган теманы тандап алуубуздун да, анын актуалдуу деп табуубуздун да башкы себеби болуп эсептелет.

**Диссертациялык иштин темасы** Баткен мамлекеттик университетинин алдындагы Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын илим-изилдөө иштеринин тематикалык пландары менен түздөн-түз байланышат.

**Изилдөөнүн максаты:** ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклору аркылуу студенттерди окуучуларга атуулдук тарбия берүүгө үйрөтүүнүн методикалык системасын иштеп чыгуу менен аларды мектепте колдонуунун жолдорун жана ыкмаларын аныктоо, аны тажрыйбада текшерип көрүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

- республиканын ЖОЖдорунда балдар фольклорун окуп-үйрөнүүнүн учурдагы абалын жана темага байланыштуу илимий-теориялык, педагогикалык-методикалык адабияттарды иликтөө, аларды илимий-методикалык жактан жалпылоо;
- балдар фольклорунун өзөгүндөгү балдарга атуулдук тарбия берүү идеяларынын маани-маңызын жана мүмкүнчүлүктөрүн ачуу, аларды системага салуу;
- ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринин Балдар адабияты дисциплинасынан улуттук фольклордук чыгармаларды окутуу процессинде студенттерди балдарга атуулдук тарбия берүүгө үйрөтүүнүн педагогикалык технологияларын иштеп чыгуу;
- иштелип чыгылган технологияларды педагогикалык экспериментте сыноо, анын натыйжаларын практикага киргизүүнүн жолдорун сунуштоо.

**Илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү:** атуулдук тарбия берүү проблемасына жараша кыргыз балдар фольклорунун мурастарынын иргелип алынышы; проблеманын окутулуш абалынын талданышы жана аны

өркүндөтүүнүн жолдорунун сунушталышы; улуттук балдар фольклорунун негизиндеги атуулдук таалим-тарбия берүү идеяларынын системага салынышы; жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттериндеги болочок мугалимдерди окуучуларга атуулдук тарбия берүү боюнча окутуунун методдорунун жана анын моделинин Балдар адабиятын окутуу практикасында алгач ирет иштелип чыгып, тажрыйбада текшерилип, окутуу процессине сунушталышы.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси**: изилдөөнүн жыйынтыктары жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттериндеги студенттерди окуучуларга улуттук балдар фольклорунун негизинде атуулдук тарбия берүүгө үйрөтүүдө түздөн-түз колдонулат жана окутуучулар, аспиранттар, методисттер, мугалимдер пайдаланат. Илимий ишибиздеги теориялык сунуштар жогорку окуу жайларынын Балдар адабияты дисциплинасын окутуу боюнча стандартты, концепцияны, окуу программасын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду өркүндөтүп түзүүдө жана аталган дисциплинаны окутуунун илимий-методикалык деңгээлин дагы да жогорулатууда колдонулат.

**Коргоого коюлуучу негизги маселелер:**

- улуттук балдар фольклорунун негизинде жаткан атуулдук тарбия берүү идеялары, мазмуну жана мүмкүнчүлүктөрү;
- улуттук балдар фольклорунун негизиндеги атуулдук тарбия берүүнүн системасы жана шарттары;
- балдар адабияты боюнча жогорку окуу жайында атуулдук тарбия берүү жана окутуу процессинин мазмунун жана формаларын жаңы технологиялар аркылуу өркүндөтүүнүн проблемалары, аны чечүү жолдору;
- кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттерге атуулдук тарбия берүүгө үйрөтүүнүн педагогикалык ыкмалары жана алар менен иштөөнүн модели. Ага ылайык жүргүзүлгөн педагогикалык эксперименттин натыйжалары.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** улуттук балдар фольклорунун негизиндеги атуулдук тарбия системасын ырааттуулукка салып чыккандыгында жана аларды ЖОЖдордун Балдар адабияты аттуу атайын окуу курсунда пайдалануунун моделин, ал аркылуу балдарга атуулдук тарбия берүүгө студенттерди үйрөтүүнүн педагогикалык шарттарын, методдорун иштеп, практикага сунуштагандыгында.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын тастыкталышы жана практикага киргизилиши:** Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун Окумуштуулар кеңешинин, аталган окуу жайынын кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын жыйындарында, ОшМУда, КББАда, Кызыл-Кыя шаардык, регионалдык, республикалык, эл аралык (Кыргыз-өзбек университетинде, 2010; КМУда, 2012; Аль-Фараби университетинде, 2011 ж.б.) жасалган докладдарда, «Кыргыздын элдик балдар чыгармаларынын таалим-тарбиялык ролу» аттуу атайын курсунун программасында изилдөөнүн жыйынтыктары тастыкталды.

**Изилдөөнүн эксперименталдык базасы –** Ош мамлекеттик университети, Жалал-Абад мамлекеттик университети, Баткен мамлекеттик университетинин алдындагы Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институту.

*Изилдөөнүн биринчи этабы (2005-2006-ж.ж.):* изилдөөнүн темасына ылайык теориялык-педагогикалык адабияттар иликтенди жана жалпыланды; педагогикалык ЖОЖдордогу Балдар адабияты аттуу атайын окуу курсунда улуттук балдар фольклорунун атуулдук тарбия берүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрү иликтенди жана андагы идеялар системага салынды, алар аркылуу мектеп окуучуларына атуулдук тарбия берүү боюнча студенттерди үйрөтүүнүн педагогикалык шарттары жана иштөө модели түзүлдү; студенттердин балдар фольклорунун маани-маңызы, түрлөрү, алардагы таалим-тарбия идеялары, методдору жана принциптери туурасындагы билимин текшерүү боюнча алгачкы изилдөөлөр жүргүзүлдү; анкеталар боюнча иликтөө, суроо-жооп иретинде аңгемелешүүлөр болду.

*Изилдөөнүн экинчи этабы (2007-2008-ж.ж.):* иштелип чыккан эксперименттик материалдар боюнча педагогикалык жогорку окуу жайларында окутуу уюштурулуп, биздин сунуштардын эффективдүүлүгү текшерилди.

*Изилдөөнүн үчүнчү этабы (2009-2011-ж.ж.):* темага ылайык ЖОЖдордо эксперимент жыйынтыкталды, акырында студенттердин бул багытта компетентүүлүгүнүн мониторинги чыгарылды, жетишкендиктери бааланды. Натыйжада, диссертациялык иликтөө жыйынтыкталды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын толук жарыяланышы:** илимий иштин негизги материалдары илимий-практикалык конференцияларда, кафедранын жыйындарында баяндама катарында окулду. Диссертациянын негизги мазмуну 1 программада, 2 усулдук колдонмодо жана 11 макалада (анын ичинен 2 макала чет өлкөдө) жарыяланган. Ошондой эле, автордун КГПИде иштеген илимий-педагогикалык тажрыйбасы жалпылаштырылды.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү:** иш изилдөөнүн илимий негизи тууралуу түшүнүк берген киришүүдөн, үч главадан жана алардан келип чыккан корутундулардан, жалпы корутундудан, пайдаланган адабияттардын тизмесинен (182), таблицалардан (4), сүрөттөрдөн (12) турат. Көлөмү жалпы – 174 бет, анын ичинен, диссертациянын тексти – 150 бет.

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, проблемалуулугу, изилдөөнүн максаты, милдеттери аныкталып, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоого алып чыгуучу негизги жоболору, натыйжаларынын апробациясы чагылдырылды.

**Биринчи глава** «Мектеп окуучуларына атуулдук тарбия берүүнүн абалы жана элдик балдар чыгармаларындагы атуулдук тарбия берүү принциптери менен методдорун пайдаланып иштөөнүн маани-маңызы» деп аталып, анда азыркы учурда жогорку окуу жайларында атуулдук тарбия берүү боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер талдоого алынып, кыргыздын элдик балдар чыгармаларындагы атуулдук таалим-тарбия берүүнүн принциптери менен методдору тууралуу түшүнүк берилди.

**Экинчи глава** «Кыргыздын элдик балдар чыгармаларындагы таалим-тарбия берүү принциптерине таянып иштөөгө студенттерди үйрөтүүнүн жолдору» деп аталуу менен, анда элдик балдар чыгармалары аркылуу тарбия берүүдө баланын жаш курагын жана өздүк мүмкүнчүлөктөрүн эске алып иштөөнүн, элдик оозеки чыгармалардагы улуулардын тажрыйбасын жана чөйрөнүн талабын эске алып таалим-тарбия берүүгө мектеп окуучуларын үйрөтүп жатканда оозеки чыгармачылыктагы атуулдук мыкты салттарды колдоно билүүгө болочок мугалимдерди көнүктүрүүнүн методикалык системасы сунушталган.

**Үчүнчү глава** «Элдик балдар ырларындагы, макал-лакаптарындагы жана жомокторундагы таалим-тарбия берүү методдору аркылуу мектеп окуучуларына атуулдук тарбия берүү жолдору» деп аталып, бул главада балдарды адамгерчилик жакшы сапаттарга калыптандырууда элдик балдар ырлары, макал-лакаптары жана жомоктору аркылуу атуулдук тарбиялоонун ыкмалары жана аларды окуучуларга жеткирүү үчүн мугалимдердин даярдыгын өркүндөтүү технологияларынын илимий-методикалык негиздери иштелип чыккан. Ушул эле главада педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана анын жыйынтыктары чагылдырылды.

**Жалпы жыйынтыкта** изилдөөнүн мазмуну боюнча негизги корутундулар, алардан келип чыккан сунуштар айтылат.

Эмгектин аягында **пайдаланылган адабияттардын тизмеси** көрсөтүлдү жана **тиркемелер** берилди.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Диссертациянын **биринчи главасы «Мектеп окуучуларына атуулдук тарбия берүүнүн абалы жана элдик балдар чыгармаларындагы атуулдук тарбия берүү принциптери менен методдорун пайдаланып иштөөнүн маани-маңызы»** деп аталып, анда элдик балдар чыгармаларындагы атуулдук таалим-тарбия берүү идеялары менен принциптери тууралуу жалпы түшүнүк берилип, аны окуп-үйрөнүүнүн абалы, атуулдук таалим-тарбия берүүнүн принциптери, алар менен иштөөнүн формалары, мектеп окуучуларына тарбия берүүдө оозеки чыгармачылыктагы элдик салттарды эске алуунун турмуштук мааниси, ага студенттерди үйрөтүүнүн жолдору жалпылаштырылды.


ЖОЖдордун педагогика факультеттеринде Балдар адабияты атайын дисциплина катары окулуу менен, андагы элдик балдар чыгармалары элибиздин өткөн турмушунун баалуу мурастары аркылуу жаш муундарды атуул катары элдик тарбиянын мыкты үлгүлөрүнө үйрөтүп келгендигине басым жасалды. Болочок мугалимдерге мына ошол элдик чыгармаларыбыздын негизинде жаткан тарбия принциптери жана методдору аркылуу балдарды атуулдук мыкты сапаттарга, ар тараптуу комплекстүү тарбиялоого багыт берилип, жол-жоболору үйрөтүлүп, анын педагогикалык шарттары иштелди.

Алгач ирет элдик балдар чыгармалары И.Арабаевдин «Алиппе» жана К.Тыныстановдун «Эне тили» окуу китептеринде балдар үчүн жомоктор,

макал-лакаптар, табышмактар, тамсилдер, ырлар орун алган. Демек, К.Тыныстанов, И.Арабаев тээ өткөн кылымдын 1910-1920-жылдарында эле элдик чыгармаларды окуу китептерине киргизүү аркылуу балдарга элдик билим берүү менен элдик таалим-тарбияга көңүл койгондугун баса белгилөөбүз керек.

Болочоктогу мугалимдерге элдик балдар чыгармаларынын өзөгүндөгү таалим-тарбия принциптерин бөлүп көрсөтүү менен, аларга таянуу аркылуу мектепте атуулдукка тарбиялоо иштерин жүргүзүүнү сунуш кылуу натыйжалуу экендигин эксперименттик ишибиздин жыйынтыгында күбө болдук.

Атуулдук тарбиянын мазмуну жана анын негизги белгилери кайсылар экендиги төмөндөгүдөй аныкталды:




**Сүрөт 1.2.1 – Атуулдук тарбиянын мазмуну жана анын негизги белгилери**

Принцип – педагогикалык процессте негизги, башат жоболордун, тактап айтканда, тарбия-таалим берүүдө коюлуучу, анын натыйжалуулугуна жетишүүчү, инсанды ар тараптан өнүктүрүүгө багытталуучу системасы болуп саналат. Тарбия процессин туура уюштуруу үчүн ар кандай эле тарбиячы бул принциптерди туура түшүнүп жана аны жетекчиликке алуунун жолдорун биле беришпейт. Ошондуктан, эске алууга тийиш болгон документтер «Тарбия берүүнүн улуттук стратегиясы», «Кыргыз Республикасынын Конституциясы», «Билим берүү жөнүндөгү мыйзам», «Кыргыз Республикасынын Комплекстүү өнүгүүнүн негиздери» программасы, Улуттук билим берүү доктринасы, Кыргызстандагы балдардын укуктары боюнча «Жаңы муун» программасы жана бул боюнча Конвенция ж.б. Биз изилдөөбүздү жүргүзүүдө ошол мыйзамдык-укуктук базага таяндык.

Кыргыз этнопедагогу А.Алимбеков элдик таалим-тарбия практикасы белгилүү бир ырааттуу жоболордун, принциптердин негизинде ишке ашып келгендигин белгилеп, таалим-тарбия берүүнүн төмөндөгүдөй принциптерин сунуш кылган: табиятка шайкештик; тарбияലануучунун курактык жана жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу; баланын инсандыгын урматтоо менен ага коюлуучу олуттуу талаптардын биримдигине жетишүү.

Ал эми учурда илимий педагогиканын жалпы классикалык принциптерин өркүндөтүү менен, атуулдукка тарбиялоонун максат-милдеттерине ылайык

өнүктүрүү жана тактоо процесси жүрүүдө. Бул процесс азыркы мезгилде жаш муундарды мектепте тарбиялоонун мазмунун жана методдорун өркүндөтүү формаларын жаңылоо иштери менен өзөктөш да болуп саналат.

Биз изилдөөнүн жүрүшүндө кыргыз эли урпак тарбиясын жүзөгө ашырууда төмөндөгүдөй принциптүү жоболорго таянганын байкадык:




**Сүрөт 1.2.2 – Атуулдук тарбияны ишке ашыруудагы кыргыз эли колдонгон принциптүү жоболор**

Таблицаны карап талдап көрөлү: алар бирин-бири толуктап, улантып турган принциптүү жоболордон турат. Кантсе да, бул айтылган принциптер жогорудагы А.Алимбеков сунуш кылган принциптерди толуктап турат. Ошондой эле, элдик тарбия принциптери бүгүнкү салттуу педагогиканын негизги жоболорун четке какпайт, тактап айтканда, илимий педагогика – элдик педагогиканын эрежелери, көөнөрбөс булактары менен байыйт, толукталат. Демек, ушундан улам кыргыз элинде таалим-тарбияны ырааттуу колдонуп, балдардын атуулдук сапаттарын түптөөдө белгилүү бир принциптер эске алынганына ишенебиз.

**Экинчи глава «Кыргыздын элдик балдар чыгармаларындагы таалим-тарбия берүү принциптерине таянып иштөөгө студенттерди үйрөтүүнүн жолдору»** деп аталат жана анда элдик балдар чыгармаларындагы атуулдук таалим-тарбия берүү принциптерине таянып, студенттерди окуучуларга атуулдук тарбия берүүгө үйрөтүүдө аларды пайдалануунун технологиялары тууралуу илимий-методикалык ойлор менен практикалык сунуштар айтылып, изилдөөнүн негизинде келип чыккан модель сунушталды. Элибизде балалык – бардык жакшы нерсенин башаты экендиги эң сонун эске алынган. «Баланы башынан» тарбиялап көнүктүрүү, улуулардын салтына жараша машыктыруу керектигине принциптүү мамиле жасалган. Ошондой тарбия гана баланы патриоттуулукка, табиятты коргоого, акыл-эстүүлүккө, дүйнөгө сергек мамиле жасоого, түрдүү өнөргө, адеп-ахлакка, эмгекке үйрөтүүдө максаттуу жана келечектүү болору практикада далилденген. Ошол үчүн улуулар мыкты атуул

болуунун мына ушундай сапаттарына бала кезден үйрөнүүсүнө катуу көңүл коюшкан.

Баланын жеке өзгөчөлүгүн эске алып билим, тарбия берүү иши бүгүнкү күндө мектептерде биринчи кезекте эске алына турган эреже-жобого айланууда. «Ошондуктан, окутуунун мазмунун талаптын деңгээлиндеги приоритеттүүлүктү сактоо менен, биринчилерден болуп, мектепте орто окуучунун деңгээлине жараша теңдемечиликтен баш тартуубуз кажет. Табиятта дайым эле теңдемечилик боло бербейт, андан көрөкчө, ар түрдүү интеллектеги, бири-бирине окшобогон кызыкчылыктагы жана жөндөмдүү балдар бар экендигин эске алуу керек», – деп жазат К.Добаев. Бул туурасында Д.Б.Эльконин, А.В.Запорожец, Р.И.Ибрагимова, О.И.Соловьева, ж.б. көптөгөн психологдор да изилдөөлөрүндө дайыма эске алышкан.

Улуу адамдарды урматтап сыйлоо, акыл-эстүү, сергек, элпек болуу, улуулардан ийменүү, ызаттоо кичүүлөр үчүн эң эле баалуу сапаттар экендиги элдик педагогикада өзгөчө орунда турат. Андан сырткары, акылман, улуу адамдардын кебинин тарбиялык табиятына баа берилген накыл кептер көп учурайт. М.: «Карынын кебин капка сал», «Ата сыйлаган – абийир табат, Эне сыйлаган – элге жагат» ж.б. макал-лакаптарда, «Акылсыз хан», «Алтын кумура», «Атанын акылы» ж.б. жомоктордо элдик педагогиканын улуулардын пикирин эске алуу принциби негизги орунда турарын болочок мугалим туура түшүнүүсү зарыл.

Балдарды атуулдук сезимге табиялоодо көпчүлүктүн, чөйрөнүн талабын эске алуу да принциптүү жобо катары эсептелет. «Көпчүлүктүн, чөйрөдөгүлөрдүн пикири азчылык үчүн сөзсүз аткарылууга тийиш» деген мындай жобо элдик таалим-тарбияда өзгөчө орунда турат. Кыргыз элинин басып өткөн жолунда элибиздин каада-салттары, үрп-адаттары баланы жашынан тарбиялоого чоң салым кошуп келген. Элдик салттардын негизинде балдарды тарбиялоо элдик педагогикада өзүнчө принцип катары каралат. Бүгүнкү күндө элдик салттарды жандандыруу, сабактарда пайдалануу, балдарды эмгекти сүйүүгө, ата-энени урматтоого, Ата Журтун сүйүүгө, адеп-ахлакка, боорукерликке тарбиялоо жанданууда. Жогорудагы главада мына ушул маселелер илимий жактан жеткиликтүү чечмеленген. Анда, негизинен, болочок мугалимдер Балдар адабияты курсунан жана педагогикалык практика кезинде тарбиялык сабактарды жүргүзүүдө туура түшүнүп, окуучуларга

атуулдук тарбия берүүгө машыгуулары керектиги айтылган. Мындай машыгуулардын багыттары, иштөө формалары көрсөтүлгөн.

**Үчүнчү глава «Элдик балдар ырларындагы, макал-лакаптарындагы жана жомокторундагы таалим-тарбия берүү методдору аркылуу мектеп окуучуларына атуулдук тарбия берүүгө студенттерди үйрөтүү жолдору»** деп аталып, анда элдик балдар ырларындагы, макал-лакаптарындагы жана жомокторундагы атуулдук таалим-тарбия берүү жол-жоболорун пайдаланып иштөөгө студенттерди үйрөтүүнүн ыкмалары, сабактардын, тарбиялык сааттардын түрлөрү, жүргүзүү формалары, үлгүлөрү талданып берилди. Атуулдук тарбиянын белгилери, талаптары көрсөтүлүп, сыноодо алар

ырасталды. Мындай иштердин бирдиктүү модели түзүлүп, жалпы иштин педагогикалык экспериментинин жыйынтыктарында чагылдырылды.


Элдик таалим-тарбиянын принциптери жана методдору тууралуу этнопедагог окумуштуулар өз элинин көп кылымдык тажрыйбаларын изилдеп келип, бир катар ойлорун айтышканы белгилүү, т.а. А.А.Алимбеков (кыргыз) Г.Н.Волков (чуваш), М.Мельников (орус), М.И.Стельмахович (украин), Я.Н.Ханбиков (татар) ж.б. Алардын ичинен М.И.Стельмаховичтин элдик тарбиянын төмөнкүдөй системага салган методдорун белгилеп көрсөтөбүз:

**1-методдор тобу:** ишендирүү методдору (түшүндүрүү, үйрөтүү, сөзгө туруу, аңгемелешүү, кеңеш айтуу, үлгү көрсөтүү, баарлашуу жана эскертүү).

**2-методдор тобу:** баланын турмуштук ишкер аракеттенүүсүн уюштуруу, туура жүрүм-турумга көнүктүрүү, эмгек жана эс алуу эрежелерине машыктыруу, тапшырма берүү, талап кылуу, үйрөтүү, сурануу, буйрук берүү.

**3-методдор тобу:** баланын маданий жүрүм-турумун стимулдоо методдору (кубаттоо, колдоо, мелдештирүү, сыйлоо, жазалоо ж.б.).

Ушуларга таянуу менен, элдик тарбия методдорунун моделин мындайча элестетүүгө болот:




**Сүрөт 3.1.1 – Элдик тарбия методдорунун модели**

Илимий педагогикада тарбия методдору, алардын түрлөрү боюнча педагог-психологдор: Ю.К.Бабанский, Л.С.Выготский, Д.Б.Эльконин, А.С.Макаренко, В.И.Слуцкий, В.А.Сухомлинский, кыргыз окумуштууларынан:

А.Алимбеков, Б.Апышов, Н.А.Асипова, М.Р.Балтабаев, И.Б.Бекбоев, А.Э.Измайлов, Э.М.Мамбетакунов, Т.В.Панкова, М.Р.Рахимова ж.б. адистер бул маселеге карата көптөгөн монографияларын, окуу китептерин, усулдук колдонмолорун жана көптөгөн илимий-методикалык макалаларын жазышкан. Окумуштуу этнопедагог изилдөөчүлдөрдүн жогорудагы ой-пикирлерин системалоо менен, болочок мугалимдердин Балдар адабияты дисциплинасында жана педагогикалык практика кезинде тарбиялык сабактарды жүргүзүүдө, окуучуларга атуулдук тарбия берүүгө машыгууларынын багыттары, иштөө формалары ишибизде көрсөтүлдү.

Тарбия методдору фольклордук чыгармалар аркылуу эң сонун берилген. Мисалы: «Ырыс алды – ынтымак» жомогунда акылман карыя балдарына бир боо чырпыкты сындырууга берип, аларды сындыра албаган соң, балдарына: «ынтымакта, биримдикте болгонуңарда гана силерди эч ким жеңе албайт» - деп эскертип отурат. «Калк айтса, калп айтпайт», «Угум, сага айтам, уулум, сен ук. Керегем, сага айтам, келиним, сен ук», «Кыздуу үйдө кыл жатпайт» ж.б. макалдарда өрнөк, үлгү көрсөтүү, эскертүү, түшүндүрүү, уяткаруу сыяктуу идеялар колдонулганын көрсөк болот. Текшерүү методдору да өзүнө ылайык ар кандай сыноо, байкоо иштеринин системасын элестетет. Алардын ар бири адамдын ар кандай атуулдук мыкты сапаттарын сыноо, байкоо, анын ичинен, акылын сыноо, күчүн сыноо жана адамдык сапатын сыноо сыяктуу методикалык ыкмаларды туюнтуп турат. Ошону менен бирге, андай сыноолор, жогоруда айтылгандай, элдик жомоктордун сюжеттеринде даана байкалып, алар каармандардын акылын, адамдык сапаттарын сыноо түрүндө көрүнөт. Эми буга чейин айтылган бардык тарбия идеяларын, анын принциптери менен методдорун жана каражаттарын жалпылап берсек, мындай моделге ээ болобуз. (сүрөт 3.1.5)

Берилген моделде төрт компонент моделдин төрт канатын ээлеп турат, алар: **биринчиси** – элдик балдар чыгармаларындагы тарбия берүү принциптери; **экинчиси** – тарбия методдору; **үчүнчүсү** – аларды жүзөгө ашыруунун теориялык негиздери; **төртүнчүсү** – методикалык негиздер. Алардын баарынын ортосунда бала турат. Анткени бала – тарбиянын борборунда болуу менен, ал тарбиянын предмети болуп саналат.

Изилдөөдө мына ушул багыттарды болочок мугалимдердин түшүнүүсү, практикада колдонуусу сабактардын иштелмелери аркылуу берилди. Анда болочок мугалимдерди элдик балдар чыгармалары аркылуу окуучуларды атуулдукка тарбиялоого студенттерди үйрөтүү боюнча жүргүзүлгөн тажрыйба жана эксперименталдык жумуштары кеңири баяндалып талданды. Сыноо иштерибизде аларды такай колдондук жана изилдөөбүздүн максат-милдеттери менен гипотезасына жетүүдө, алардын тууралыгын далилдөөдө такай көңүлгө алынды. Изилдөөбүздүн соңунда, бул модель менен тарбия-таалим иштерин жүргүзүү туура экендиги далилденди.




**Сүрөт 3.1.5 – Элдик тарбиянын идеяларынын, принциптеринин, методдорунун, каражаттарынын жалпы методдорунун модели**

Эксперименттик сыноо иштерибиз **үч этапта: аныктоочу, изденүүчү** жана **окутуучу** мүнөздө өткөрүлдү. Адегенде, Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунан башталып, Жалал-Абад, Ош мамлекеттик университетинин педагогика факультетинин «башталгыч класстарга билим берүү» адистигинин 1-2-курсунун студенттерине аныктоочу мүнөздө жүргүзүлүп, андан ары 3-4-курстун студенттери менен сыноо улантылып, жыйынтыкталды. Сурамжылоого БатМУнун КГПИсинен: 82 студент (эксп. топко – 42, текш. топко – 40), ЖАМУдан: 80 студент (эксп. топко – 40, текш. топко – 40), ОшМУдан: 78 студент: (эксп. топко – 38, текш. топко – 40) катышты. Биринчи сынообуз абалды аныктоочу максатында болду да, 2005-2006-жылдар арасында өткөрүлдү. Бул сынообуздун алдына төмөндөгүдөй максатты койгонбуз: педагогикалык жогорку окуу жайларда окуган студенттердин балдар фольклорунун негизиндеги атуулдук таалим-тарбия берүүнүн маани-маңызын кандай түшүнүп, ага ылайык кандай иш жүргүзө ала тургандыгын аныктоо. Бул максатка ылайык атайын эксперименталдык материалдар даярдалды. Анын мазмуну, негизинен, төмөндөгүлөрдү камтыды: (Эскерте кетчү нерсе: эксперименттик сурамжылоо балдар ырлары, макал-

лакаптар, жомоктор боюнча жүргүзүлдү) **балдар ырларынан:** «Бытпылдык», «Бешик ыры», «Карагат», «Карагат», «Сал билек», «Турумтай», «Сал билек», «Оп майда», **жомоктордон:** «Акылдуу бала шаарын кантип сактап калды», «Акылдуу дыйкан», «Алтын куш», «Түлкү менен кене», «Өнөрлүү бала», «Убадага бек жигит», «Ырыс алды – ынтымак» ж.б. киргизилген. Ошондой эле, адеп-ахлакка, эл-жерди коргоо ж.б. тематикадагы **макал-лакаптардан:** («Бирде жигит жөө жүрөт, бирде жигит төө минет», «Эне сыйлаган элге жагат, ата сыйлаган абийир табат», «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» «Жети өлчөп, бир кес», «Жакшыга жанаш, жамандан адаш», «Бирде жигит жөө жүрөт, бирде жигит төө минет», «Кыздуу үйдө кыл жатпайт», «Жакшыга жанаш, жамандан адаш», «Эне сыйлаган элге жагат, ата сыйлаган абийир табат», «Туулган жердин топурагы алтын», «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде ж.б.) тандалган.

Аныктоочу этапта студенттердин элдик балдар ырларындагы, жомокторундагы жана макал-лакаптарындагы балдарга атуулдук тарбия берүү идеяларын, ал чыгармалар аркылуу мектеп балдарына элдик чыгармалардагы тарбия берүү принциптерин, методдорун түшүнүү деңгээлин билүү, текшерүү боюнча атайын критерийлерди иштеп чыктык. Ал критерийлер төмөнкүлөр:

- студенттердин «атуул», «атуулдукка тарбиялоо» сөздөрүн чечмелей алышы;
- алардын балдарга атуулдук таалим-тарбия берер элдик балдар ырларын, жомокторду, макал-лакаптарды билиши;
- андагы атуулдук тарбия идеяларын талдай алышы;
- алардын мазмунундагы атуулдук тарбиянын түрлөрүн ажырата алышы;
- ал чыгармалар аркылуу балдарга атуулдук тарбия берүү жолдорун билиши.

Бул максатка ылайык, эксперименттик материалдарда камтылган элдик балдар чыгармаларынын өзөгүнөн студенттер «атуулдук тарбия» сыяктуу түшүнүктөрдү кандай талдай ала тургандыгын аныктап алдык. Ал багытта түзүлгөн суроолорго студенттердин көпчүлүгү туура жоопторду бере алышкан жок, төмөндө алардын жоопторунун пайыздык көрсөткүчтөрү келтирилди.

**Таблица 3.2.1 – Студенттердин элдик балдар чыгармаларына атуулдук тарбия боюнча талдай алуу көрсөткүчү**

| **ЖОЖдор** | **КГПИ** | | **ОшМУ** | | **ЖАМУ** | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Топтор** | **эксп.** | **текш.** | **эксп.** | **текш.** | **эксп.** | **текш.** |
| **Жалпы студент** | **42** | **40** | **38** | **40** | **40** | **40** |
| жогорку | 18% | 17% | 20% | 21% | 18% | 19% |
| ортоңку | 31% | 30% | 28% | 25% | 29% | 26% |
| төмөнкү | 51% | 53% | 52% | 54% | 53% | 55% |

3.2.1-таблицадагы студенттердин элдик балдар чыгармаларынын өзөгүндөгү атуулдук тарбия берүү идеялары боюнча билимдеринин үч деңгээлдик жыйынтыгын алдык.

***Төмөнкү деңгээл:*** студенттер элдик балдар чыгармаларындагы тарбия берүү идеяларын билишпейт, бул боюнча билимдери тайыз. Элдик балдар чыгармалары боюнча кызыгуулары жокко эсе. Таблицада көрүнүп тургандай, бул деңгээлдеги студенттердин саны кыйла көп.

***Орточо деңгээл:*** элдик балдар чыгармалары, анын ичинде жомоктор, макалдар боюнча студенттердин жетишерлик маалыматы бар, бирок алардын таалим-тарбиялык идеясын чечмелөөдө атайын билимдери жетишсиз.

***Жогорку деңгээл:*** элдик балдар чыгармалары боюнча билимдери терең, андагы таалим-тарбия идеяларын талдай алышат. Элдик балдар чыгармалары аркылуу окуучуларга атуулдук тарбия берүүгө билими жетишээрлик деңгээлде. Бирок бул деңгээлдеги билими бар студенттердин саны аз.

Белгиленген көрсөткүчтөр боюнча студенттер арасында аңгемелешүүлөрдү өткөрдүк. Изилдөө көрсөткөндөй, студенттердин элдик балдар чыгармаларындагы таалим-тарбия идеялары жана алар аркылуу мектеп балдарына атуулдук таалим-тарбия берүү боюнча түшүнүктөрү жетишсиз экендиги байкалды. Ал төмөнкү себептерден экендигин аныктадык: элдик оозеки чыгармаларды элибиз эзелтеден бери жаш муундарды атуулдук тарбиялоодо негизги таалим-тарбия каражаты катары пайдаланып келгени тууралуу студенттердин жетишерлик маалыматтарынын аздыгы; элдик балдар чыгармаларындагы таалим-тарбия принциптери, методдору боюнча түшүнүктөрүнүн жоктугу; мектепте элдик балдар чыгармалары боюнча алган билимдеринин жетишсиздиги; сабактарда, класстан тышкаркы сааттарда мугалимдин окуучуларга атуулдук таалим-тарбияга үндөгөн элдик чыгармаларга басым жасабагандыгы; студенттердин элдик балдар чыгармалары боюнча түшүнүктөрү болгону менен, андагы таалим-тарбия идеяларын, принциптерин, методдорун талдай алышпагандыгы; элдик балдар чыгармаларынын жетишсиздиги, айыл мектептеринде китепканалардын аздыгы; мугалимдер үчүн бул багыттардагы атайын окуу-усулдук колдонмолордун жоктугу ж.б.

Ушул айтылгандардын негизинде 2007-2008-жылдарда жогоруда аталган окуу жайларда **изденүүчү эксперимент** жүргүзүлдү. Жүргүзгөн экспериментибизде элдик балдар чыгармалары аркылуу балдарды атуулдукка тарбиялоо боюнча студенттердин билим деңгээлин жогорулатуу керек экендигин байкадык. Ошондуктан биздин максатыбыз болочок мугалимдерди окуучуларга элдик балдар чыгармалары аркылуу кантип атуулдук тарбия берүү керектигин, анын жол-жоболорун иштеп чыгуу болду. Эксперименттин бул этабы эки багытта жүргөнүн белгилей кетели, тактап айтканда, адегенде, элдик оозеки чыгармаларды, алардын педагогикалык маани-маңызын үйрөнүү боюнча жазылган адабияттарды окуп-талдап үйрөнүү, андан соң студенттерге элдик балдар чыгармаларынын негизинде жаткан атуулдук таалим-тарбия идеяларын талдоо, андагы таалим-тарбия принциптери менен методдорун

системага салуу, ал аркылуу болочок мугалимдер мектеп балдарына атуулдук тарбия берүүдө аларды кантип пайдалана билүүсүнүн жолдорун аныктоо, ал үчүн атайын курстун программасын түзүү багытында болду.

Элдик мурастарыбыз болгон улуттук балдар чыгармалары боюнча студенттерге атуулдук тарбия берүү максатында «Кыргыздын элдик балдар чыгармаларынын таалим-тарбиялык ролу» аттуу атайын окуу курсунун программасын иштеп чыктык. Белгилей кетүүчү нерсе, программаны түзүүдө биз үч гана жанрды, б.а. макал-лакаптарды, балдар ырларын, жомокторду алдык. Аталган программада улуттук балдар фольклорунун бай материалдарынын өзөгүндө жаткан элдик балдар чыгармалары боюнча студенттерге атуулдукка тарбиялоо, андагы тарбия принциптери менен методдордун мүнөздүү белгилери, элдик чыгармалардын сюжеттери идеялык мазмундары аркылуу талданды.

2009-2011-жылдарда жогоруда иштелип чыккан методикалык иштелмелерибиздин негизинде **окутуучу экспериментибизди** жүргүздүк. Окутуучу эксперимент БатМУнун КГПИсинде, ЖАМУда, ОшМУда өткөрүлдү. Жалпысынан, 240 студент, алардын ичинен, эксперименттик топко – 120, текшерүүчү топко – 120 студент катышты.

Окутуучу эксперименттин алдына **төмөнкүдөй милдеттер коюлду:** студенттерге атуулдук таалим-тарбия берүү багытына ылайык кыргыздын элдик балдар чыгармалары боюнча маалымат берүү; ушуга ылайык педагогикалык жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультетинин студенттерин элдик балдар чыгармалары аркылуу окуучуларга атуулдук таалим-тарбия берүүгө үйрөтүүнүн жол-жоболорун иштеп чыгуу; түзүлгөн атайын курстун программасынын негизинде окутууну уюштуруу; окутуучу эксперименттин жыйынтыгына ылайык студенттердин теориялык билимин жана практикалык компетенттүүлүгүн аныктоо үчүн анкеталык суроолорду түзүү.

Студенттер ээ болуучу компетенциялар катары төмөнкүлөрдү эсептедик: элдик балдар чыгармаларынын тектерин жана жанрларын билүүсү; элдик балдар чыгармаларынын идеялык, тематикалык мазмуну менен тааныш болушу; алардагы атуулдук таалим-тарбиянын түрлөрүн, методдорун жана принциптерин талдай билиши; аларды турмуштук практикага байланыштырып түшүндүрө алышы; ошого ылайык, мектепте тарбиялык иштерди жүргүзө билүүсү.

Биз түзгөн программанын негизинде балдар фольклорунун материалдарынын өзөгүндө жаткан атуулдук тарбиянын үлгүлөрү, элдик тарбия принциптери, методдору жана методикалык ыкмалары тууралуу кенен маалыматтар берилди. Андагы принциптер менен методдордун мүнөздүү белгилери элдик чыгармалардын сюжеттери, идеялык мазмундары аркылуу талдоого алынды жана алар сабактарда, аудиториядан сырткаркы иш-чараларда студенттердин өз алдынча иштеринде улантылды.

3.2.3-таблицада көрүнүп тургандай, окуучуларга болочоктогу мугалим, биринчиден, жомоктун сюжетин түшүндүрүүдө, идеясын талдоодо, булар

боюнча кайталап, бышыктоо ишин жүргүзүүдө, ал боюнча окуучуларды тарбиялоочу жагдайларын түзүү процесси аркылуу гана натыйжалуу уюштурууга болорун тажрыйбабыз көрсөттү.

**Таблица 3.2.3 – Студенттердин элдик жомокту талдай алуу көрсөткүчү**

| Жомок | Билим берүүчүлүк максаты | Өнүктүрүүчүлүк максаты | Тарбиялык максаты |
|---|---|---|---|
| «Убадага бек жигит» | 1) Үч бир туугандын кимиси убадага турганын билет, талдайт. | Окуганын турмушта колдонууну үйрөнөт. | Убада бергенден кийин аны аткаруу керек экендигин үйрөнөт. |
| | 2) Убада аксакалдын айткан шарты кандай болгонун билет, талдайт. | Өздөрүнүн жүрүм-турумун талдай билишет. | Убаданы аткарбоо чоң зыян алып келерин түшүнөт. |
| | 3) Убада аксакал үч бир тууганга кандай байлык ыроологонун үйрөнөт, талдайт. | Убадага туруунун турмушта кандай мааниси бар экенин билет. | Ач көз болбой, адал эмгек менен жан багуу керектигин үйрөнөт. |
| | 4) Убада аксакал үч бир тууганды кантип сынаганын үйрөнөт, талдайт. | Убадага турбоо адамгерчиликке жатпаган касиет экенин түшүнүшөт. | Улуу адамдарды урматтоого, сыйлоого үйрөнөт. |

Иликтөө ишинде ЖАМУнун, БатМУнун КГПИсинин, ОшМУнун студенттеринин балдар фольклорун окуп-үйрөнүүнүн негизинде атуулдукка калыптануу деңгээлдери аныкталды. Эксперименттик жана текшерүүчү топтордун студенттерин үч деңгээлге бөлүп баaладык, анын сандык пайызынын жыйынтыгы төмөндө берилди.

3.2.4-таблицада көрүнүп тургандай, студенттердин өздөштүрүү деңгээлдеринин сандык пайызы төмөндөгүнү көрсөттү. Болочоктогу мугалимдердин балдар фольклору аркылуу окуучуларга таалим-тарбия берүү принциптерин пайдаланып, атуулдук тарбия берүүдө аныктоочу этаптагы көрсөткүчтөр менен жыйынтыктоочу этаптын көрсөткүчтөрүнүн айырмачылыктары бар экендигин байкадык, т.а., ЖАМУнун эксперименттик тобунун жогорку деңгээли 20 пайызга, ортоңку деңгээли 16 пайызга жогорулап, төмөнкү деңгээли 36 пайызга кыскарган. ОшМУнун жогорку деңгээли 19 пайызга, ортоңку деңгээли 9 пайызга жогорулап, төмөнкү деңгээли 28 пайызга кыскарган. КГПИнин жогорку деңгээли 19 пайызга, ортоңку деңгээли 11 пайызга, төмөнкү деңгээли 30 пайызга кыскарган. Эксперименттик иштерибиздин жыйынтыктары таблицада көрүнүп тургандай, анын натыйжалуулугун көрсөттү.

**Таблица 3.2.4 – Болочоктогу мугалимдердин элдик балдар чыгармаларынын негизинде атуулдукка калыптануу деңгээлинин жыйынтыктары**

| № | Окуу жайы | Топтор, деңгээлдер | Атуулдукка тарбиялоо | | | | | | Орточо жыйынтык | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Балдар ырлары | | Жомоктор | | Макал-лакаптар | | | |
| | | | Студ. саны | % менен | Студ. саны | % менен | Студ. саны | % менен | Студ. саны | % менен |
| 1 | ЖАМУ | **Текшерүүчү** | 40 | 100 | 40 | 100 | 40 | 100 | 40 | 100 |
| | | жогорку | 8 | 20 | 9 | 22.5 | 7 | 17.5 | 8 | 20 |
| | | ортоңку | 11 | 27.5 | 12 | 30 | 9 | 22.5 | 11 | 27 |
| | | төмөнкү | 21 | 52.5 | 19 | 47.5 | 24 | 60 | 21 | 53 |
| | | **Эксперимент тик** | 40 | 100 | 40 | 100 | 40 | 100 | 40 | 100 |
| | | жогорку | 14 | 35 | 15 | 37.5 | 17 | 42.5 | 15 | 38 |
| | | ортоңку | 15 | 37.5 | 20 | 50 | 19 | 47.5 | 18 | 45 |
| | | төмөнкү | 11 | 27.5 | 5 | 12.5 | 4 | 10 | 7 | 17 |
| 2 | ОшМУ | **Текшерүүчү** | 40 | 100 | 40 | 100 | 40 | 100 | 40 | 100 |
| | | жогорку | 9 | 22.5 | 10 | 25 | 8 | 20 | 9 | 22.5 |
| | | ортоңку | 13 | 32.5 | 11 | 27.5 | 15 | 37.5 | 13 | 32.5 |
| | | төмөнкү | 18 | 45 | 19 | 47.5 | 17 | 42.5 | 18 | 45 |
| | | **Эксперимент тик** | 38 | 100 | 38 | 100 | 38 | 100 | 38 | 100 |
| | | жогорку | 16 | 42 | 16 | 42 | 13 | 34 | 15 | 39 |
| | | ортоңку | 14 | 37 | 13 | 34 | 15 | 40 | 14 | 37 |
| | | төмөнкү | 8 | 21 | 9 | 24 | 10 | 26 | 9 | 24 |
| 3 | КГПИ | **Текшерүүчү** | 40 | 100 | 40 | 100 | 40 | 100 | 40 | 100 |
| | | жогорку | 10 | 25 | 7 | 17.5 | 8 | 20 | 8 | 21 |
| | | ортоңку | 11 | 27.5 | 11 | 27.5 | 14 | 35 | 12 | 30 |
| | | төмөнкү | 19 | 47.5 | 22 | 55 | 18 | 45 | 20 | 49 |
| | | **Эксперимент тик** | 42 | 100 | 42 | 100 | 42 | 100 | 42 | 100 |
| | | жогорку | 16 | 38 | 15 | 36 | 14 | 38 | 15 | 37 |
| | | ортоңку | 17 | 40 | 16 | 38 | 20 | 48 | 18 | 42 |
| | | төмөнкү | 9 | 22 | 11 | 26 | 8 | 14 | 9 | 21 |

## Жалпы корутунду жана илимий-методикалык сунуштар

Изилдөөнүн жыйынтыгында, негизинен, белгиленген максатка жеттик деп эсептейбиз жана алдыга коюлган милдеттер толук аткарылгандыгын белгилейбиз.

**1-милдет боюнча** республиканын ЖОЖдорунда балдар фольклорун окуп-үйрөнүүнүн учурдагы абалы иликтенди. Анда мектепти жаңы бүтүрүп келишкен студенттер улуттук балдар фольклорун жанрдык жактан так бөлүштүрө албастыгы, алардын тарбиялык маани-маңызы тууралуу анча билими жок экендиги, алар элдик чыгармалардын сюжетин талдап берүү менен чектелгендиги, биз иликтеген багыттардагы методикалык зарыл көрсөтмөлөр

жетишерлик эместиги белгиленди. Бул көрүнүш, адегендеги аныктоочу экспериментибизде атайын анкеталар аркылуу далилденди. Ошондуктан балдар фольклорун ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде талаптагыдай окутуу, алардын өзөгүндөгү атуулдук таалим-тарбия идеяларын иликтеген педагогикалык-методикалык адабияттар (А.Алимбеков, Н.К.Дюшеева, А.Э.Измайлов, С.Калиев, Э.Мамбетакунов, М.Мельников, А.Ж.Муратов, М.Стельмахович, С.К.Рысбаев ж.б.) окуп-үйрөнүлдү жана алардагы тыянактуу ой-пикирлер, атап айтканда, элдик педагогикалык таалим-тарбия идеялары жалпыланды.

**2-милдетте** улуттук балдар фольклорунун өзөгүндөгү балдарга атуулдук тарбия берүү идеяларынын маани-манызын жана мүмкүнчүлүктөрүн ачуу, аларды системага салуу каралган. Буга ылайык, ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окулуп келаткан балдар адабияты курсунда улуттук балдар фольклорундагы таалим-тарбия берүүнүн принциптери менен методдору жогоруда аталган окумуштуулардын идеяларынын негизинде системага салынды, алардын ички байланыштары мисалдар менен далилденди. Изилдөөдө илимий педагогика менен элдик педагогиканын тарбия принциптерин бири-бирине салыштырып, анын натыйжасы илимий-изилдөөдө таблица түрүндө сунуш кылынды жана жаш муундарды тарбиялоодо таянар принциптүү жоболору бирдей экендиги белгиленди. Бүгүнкү глобалдашуу заманында мектеп окуучулары китеп окубай, көрмө фильмдер менен алек болуу аркылуу, андагы тескери идеяларга азгырылган жаш муундар батыштын тарбиясына кирип жатышы белгиленип, балдарды мына ушундай тескери жолдон сактап калуу үчүн элдик чыгармаларыбыздагы атуулдук мыкты тарбияга сугарар идеяларды алып чыгуу, болочок мугалимдер мектепке барганда балдарга атуулдук мыкты тарбия берүүдө ошол элдик идеяларды сабактарда, тарбиялык иште колдонуу жакшы натыйжага алып барары тастыкталды.

Диссертациядагы **3-милдетке жараша** төмөндөгү иштер аткарылды. Элдик таалим-тарбиянын принциптери менен методдорун пайдаланып, мектеп окуучуларын атуулдук мыкты сапаттарга жараша тарбиялоонун комплекстүү жол-жоболорун, б.а., атуулдук тарбиялоонун багыттарын, түрлөрүн аныктадык, тарбиялоонун максат-милдеттерин тактадык, элдик жомоктордун, макал-лакаптардын жана балдар ырларынын мисалында алардын мазмунун ырааттуулукка салдык, тарбиялоо методдору менен принциптерин ар бир элдик чыгарманын сюжетинен издеп таптык, аларды сабактарда, класстык тарбиялык сааттарда, класстан тышкаркы уюштуруу иштеринде, ж.б. педагогикалык практика кезинде студенттер менен бирге иштеп чыктык. Мына ушулардын жыйынытыгында, элдик балдар чыгармаларынын негизинде мектеп балдарына атуулдук тарбия берүүнүн бирдиктүү моделин түздүк, аны педагогикалык экспериментте сынап, жыйынтыктарды алдык.

**4-милдет боюнча** жогоруда аталган багыттарда эксперименттик-тажрыйбалык иштерибизди уюштурдук. Анда улуттук балдар фольклорун ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окутууну мындан ары

өркүндөтүү багыттары эксперименттик материал катары сунушталып, аны окутуунун технологияларын жаңылоо багыттары белгиленди. Учурдун талаптарына жараша сабактын активдүү формаларын сунуштоо, салттуу сабактардын мазмуну менен формаларын өркүндөтүү, класстык тарбиялык сааттардын, интерактивдүү сабактардын жаңыча үлгүлөрү иштелип чыкты жана алар болочок мугалимдин чыгармачыл иштерин мындан ары жакшыртуусуна карата педагогикалык жана этнопедагогикалык практика кезинде сунушталды. Эксперименттерибизде балдар фольклорун окутууда салттуу методдор менен бирге интерактивдүү усулдарды айкалыштыруунун жолдору айкындалды. Алардын баары болочок мугалимдин кесиптик чеберчиликтерин жогорулатууда пайдаланууга болору белгиленди жана алар сыноо кезинде жакшы натыйжаларды берди.

Жүргүзгөн изилдөөбүздө улуттук балдар фольклорунун негизинде атуулдук тарбия берүү проблемасы толугу менен чечилди деп эсептөөдөн алыспыз. Болочоктогу мугалимдерди элдик балдар чыгармаларынын баалуу мурастарын окуу-тарбия ишинде натыйжалуу жана үзгүлтүксүз колдонуу аркылуу этнопедагогикалык жактан тарбия берүү маселелери мындан ары да иликтене берери шексиз деп эсептейбиз.

**Жогорудагы айтылгандардан улам, төмөндөгүдөй илимий-методикалык сунуштар даярдалды:**

- ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринин Балдар адабияты курсунун окуу программасын өркүндөтүп кайра түзүү;
- Балдар адабиятына бөлүнгөн сааттардын көлөмүн көбөйтүү, аны окутуунун мазмуну менен формаларын өркүндөтүү;
- улуттук балдар фольклорун мазмундук жана сюжеттик негизде гана үйрөнбөй, студенттер элдик чыгармалардагы атуулдук тарбия берүү идеяларын таба билүүгө жана алар аркылуу мектеп окуучуларына атуулдук тарбия берүү жолдорун үйрөтүү;
- студенттерди балдар фольклорун анализдеп-талдап өздөштүрүү жолдоруна машыктыруу, алардагы тарбия методдору менен принциптерин таба билүүгө багыт берүү;
- балдар фольклору боюнча жүргүзүлүүчү практикалардын натыйжалуулугуна жетишүү;
- балдар фольклорун окуп-үйрөнүүнүн жаңыча ыкмаларын сунуш кылган методикалык эмгектерди көбүрөөк чыгаруу жана мектеп мугалимдерин илимий-методикалык колдонмолор менен камсыз кылуу.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ТӨМӨНКҮ ЭМГЕКТЕРДЕ ЧАГЫЛДЫРЫЛДЫ:


1. **Каранова Т.Н.** Алтын бешик эл чыгармачылыгы [Текст] / Т.Н.Каранова, К.П.Пакыров, А.К.Көчкөнов, Б.М.Мусаева. – Ош: Кагаз ресурстары, 2005. – 140 б.
2. **Каранова Т.Н.** Кыргыздын элдик балдар чыгармаларынын таалим-тарбиялык ролу. Атайын курстун программасы [Текст] / Т.Н.Каранова. // – Бишкек: Гүлчынар, 2009. – 10 б.
3. **Каранова Т.Н.** Кыргыз адабиятынын тест суроолорунун топтому [Текст] / К.П.Пакыров, Т.Н.Каранова. – Ош: Кагаз ресурстары, 2010. – 168 б.
4. **Каранова Т.Н.** Элдик тарбиядагы таасир этүү методдору [Текст] / Т.Н.Каранова // Наука образование техника. – Бишкек, 2010. – №1. – 27-30-бб.
5. **Каранова Т.Н.** Балдарды улуулардын тажрыйбасын эске алып тарбиялоо – элдик тарбияда өз алдынча принцип катарында [Текст] / Т.Н.Каранова // КББА кабарлары, 2010. – №4. – 61-65-бб.
6. **Каранова Т.Н.** Элдик балдар чыгармаларындагы баланын жеке мүмкүнчүлүгүн эске алып тарбиялоо принцип жагдайында [Текст] / Т.Н.Каранова // Известия ВУЗов, 2011. – №5. – 275-278-бб.
7. **Каранова Т.Н.** Элдик санат-насыят ырларындагы, макал-лакаптарындагы жана жомоктордогу балдарды адамгерчилик жакшы сапаттарга калыптандыруу методдору [Текст] / Т.Н. Каранова // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы, 2011. – №1. –71-74-бб.
8. **Каранова Т.Н.** Педагогикалык ЖОЖдордо балдар фольклорунун изилдениши жана окуп-үйрөнүүнүн абалы [Текст] / Т.Н.Каранова // Эл агартуу, 2011. – №9. – 49-53-бб.
9. **Каранова Т.Н.** К вопросу воспитательных принципах в детских народных произведениях и их значении и сущности [Текст] / Т.Н.Каранова // Вестник – Хабаршы Казакского национального университета им. Аль-Фараби. – Алматы, 2011. – №1 (131). – 247-249-бб.
10. **Каранова Т.Н.** Элдик салттар менен тарбиялоо өз алдынча принцип катарында [Текст] / Т.Н.Каранова // Вестник – Хабаршы Казакского национального университета им. Аль-Фараби. – Алматы, 2011. – №1 (131). – 249-253-бб.
11. **Каранова Т.Н.** Элдик макал-лакаптар аркылуу окуучуларга атуулдук тарбия берүүгө үйрөтүү [Текст] / Т.Н.Каранова // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы, 2012. – №2. – 279-283-бб.
12. **Каранова Т.Н.** Атуулдук тарбиянын башаты – элдик чыгармаларда [Текст] / С.К.Рысбаев, Т.Н.Каранова // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы, 2012. – №2. –302-306-бб.
13. **Каранова Т.Н**. Жомоктор аркылуу окуучуларга атуулдук тарбия берүүгө болочок мугалимдерди үйрөтүү жолдору [Текст] / Т.Н.Каранова // Известия ВУЗов, 2012. – №1. – 278-281-бб.

**14. Каранова Т.Н**. Балдар фольклорун окуп үйрөнүүдө окуучуларды риторикалык тапкычтыкка калыптандырууга студенттерди үйрөтүү сабагы [Текст] / Т.Н. Каранова // Известия ВУЗов. – Бишкек, 2012. – №1. –288-291-бб.

**Каранова Толгонай Нурбаевнанын** 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча **«ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттерди окуучуларга атуулдук тарбия берүүгө үйрөтүү жолдору»** аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын

## РЕЗЮМЕСИ


**Түйүндүү сөздөр:** балдар адабияты, балдар адабиятынын спецификасы, балдар адабиятынын тарбиялык мааниси, балдар фольклору, атуулдук тарбия, атуулдук тарбиянын модели, атуулдук тарбиянын компоненттери, инсандын атуулдук компетенттүүлүктөрү, элдик тарбиянын методдору, элдик тарбиянын каражаттары.

**Изилдөөнүн максаты:** ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде улуттук балдар фольклору аркылуу студенттерди окуучуларга атуулдук тарбия берүүгө үйрөтүүнүн методикалык системасын иштеп чыгуу менен аларды мектепте колдонуунун жолдорун жана ыкмаларын аныктоо, аны тажрыйбада текшерип көрүү.

**Изилдөөнүн объектиси:** ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар адабияты курсунда балдар фольклорун окутуу процесси.

**Изилдөөнүн методдору:** илимий изилдөөлөрдү теориялык-методологиялык жактан талдоо; нормативдик документтерди окуп-үйрөнүү; педагогикалык байкоо, анкета, тестирлөө, аңгемелешүү, окутуучулардын тажрыйбасын үйрөнүү, анализ, синтез, моделдөө, педагогикалык эксперимент.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** атуулдук тарбия берүү проблемасына жараша кыргыз балдар фольклорунун мурастарынын иргелип алынышы; проблеманын окутулуш абалына талдоо берилиши жана аны өркүндөтүүнүн жолдорунун сунушталышы; улуттук балдар фольклорунун негизиндеги атуулдук таалим-тарбия берүү идеяларынын системага салынышы; жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттеринде болочок мугалимдерди окуучуларга атуулдук тарбия берүү боюнча окутуунун методдорунун жана анын моделинин балдар адабиятын окутуу практикасында алгач ирет иштелип чыгып, тажрыйбада текшерилип, окутуу процессине сунушталышы.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси**: изилдөөнүн жыйынтыктары жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультеттериндеги студенттерди окуучуларга улуттук балдар фольклорунун негизинде атуулдук тарбия берүүгө үйрөтүүдө түздөн-түз колдонулат жана окутуучулар, аспиранттар, методисттер, мугалимдер пайдаланышат. Илимий ишибиздеги теориялык сунуштар жогорку окуу жайларынын Балдар адабияты дисциплинасын окутуу боюнча стандартты, концепцияны, окуу программасын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду өркүндөтүп түзүүдө жана аталган дисциплинаны окутуунун илимий-методикалык деңгээлин жогорулатууда колдонулат.

# РЕЗЮМЕ

диссертации **Карановой Толгонай Нурбаевны** на тему: **«Пути обучения студентов педагогических факультетов вузов гражданскому воспитанию учащихся посредством детского фольклора»** на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.02 – теория и методика обучения и воспитания (кыргызская литература)

**Ключевые слова:** детская литература, специфика детской литературы, воспитательное значение детской литературы, детский фольклор, гражданское воспитание, компоненты гражданского воспитания, гражданские компетентности личности, методы народного воспитания, средства народного воспитания.

**Цель исследования:** разработка методической системы обучения студентов педагогических факультетов вузов гражданскому воспитанию учащихся посредством детского фольклора и определение путей и способов их применения в школе, опытно-экспериментальная апробация.

**Обьект исследования:** процесс обучения детскому фольклору в курсе детской литературы на педагогических факультетах.

**Методы исследования:** теоретико-методологический анализ научных исследований; изучение нормативных документов; педагогическое наблюдение, анкетирование, тестирование, беседа, изучение опыта преподавателей, анализ, синтез, моделирование, педагогический эксперимент.

**Научная новизна исследования:** произведен отбор наследия кыргызского детского фольклора в соответствии с проблемой гражданского воспитания; сделан анализ состояния преподавания детского фольклора и предложены пути его совершенствования; систематизированы идеи гражданского воспитания на основе национального детского фольклора; впервые в практике обучения детской литературе разработаны, апробированы и предложены методы и модели обучения по гражданскому воспитанию учащихся будущих учителей на педагогических факультетах высших учебных заведений.

**Практическая значимость исследования:** результаты исследования напрямую будут применяться при обучении гражданскому воспитанию на основе кыргызского детского фольклора учащимся студентов педагогических факультетов вузов и использоваться преподавателями, аспирантами, методистами и учителями. Теоретические рекомендации научной работы могут использоваться при составлении и усовершенствовании стандартов, концепций, учебных программ, учебников, методических пособий по детской литературе и в повышении научно-методического уровня обучения вышеуказанной дисциплине.

# RESUME

**to dissertation of Karanova Tolgonai Nurbaevna on "Ways of teaching students of pedagogical faculties civic education of students through children's folklore" in the specialty 13.00.02 – Theory and teaching methodology and education (Kyrgyz literature) for the degree of Candidate of Pedagogical Sciences**


**Key words:** childrens' literature, specific of childrens' literature, educational meaning of childrens' literature, childrens' folklore, civil education, components of civil education, civil competence of the personality, methods of national education, means of national education.

**The purpose of research:** working out methodological system of teaching students at pedagogical faculties of higher educational institutions to civil education of pupils by means of national children's folklore and definitions of ways and usage at school, skilled and experimental approbation.

**The object of research:** the teaching process of children's folklore in the course of children's literature on pedaogical faculties at higher educational institutions

**Methods of research:** theoretico-methodological analyses of scientific researches, studying of normative documents, pedagogical supervision, questioning, testing, conversation, studying the experience of teachers, analyses, synthesis, modeling, pedagogical experiment.

**Scientific innovation of research:** selection of heritage of children's folklore in accordance with problem of civil education, analyses of problems of teacing conditions and suggestions of improvement ways; systematization of ideas of civil education on the basis of national children's folklore; firstly in the practice of teaching children's literature were worked out and approbated and suggested to a process of teaching of methods and models of teaching by civil education of studying future teachers on pedagogical faculties of universities.

**Practical significance of research:** the results of study will be used directly for teaching civic education on the basis of a national children's folklore students to students of teaching faculties and used by teachers, graduate students, teachers and methodologists. Theoretical research recommendations can be used in the preparation and improvement of standards, concepts, curricula, textbooks, teaching aids and to improve the scientific and methodological level of training of the above discipline.

Басууга 24. 12. 2012 кол коюлду.
1,5 шарттуу басма табак. Нускасы 100 даана
«Айат» басмаканасында басылды
Кыргыз Республикасы
Бишкек шаары, Ташкент көч., 60